
2022 – 2023 – **окуу жылы**

# Х.Жээнбаев атындагы мектеп - лицейинин педагогикалык кызматкерлердин кесиптик этикасынын ченемдери жөнүндө жобосу




Сканировано с CamScanner

Каралды

педагогикалык кеңешменин

№ 1 токтому

«2» 09 2022 - жыл

БЕКИТЕМИН

Х.Жээнбаев атындагы мектеп - лицейинин

директору: ______ Атаев Б.С.

# ПЕДАГОГИКАЛЫК КЫЗМАТКЕРЛЕРДИН КЕСИПТИК ЭТИКАСЫНЫН ЧЕНЕМДЕРИ ЖӨНҮНДӨ ЖОБО

## 1. Жалпы жоболор

1.1. Педагогикалык кызматкерлердин кесиптик этикасынын ченемдери жөнүндө ушул Жобо Х.Жээнбаев атындагы мектеп – лицейинин администрациясы жана мугалимдер курамынын кесиптик этикасынын негизги принциптерин аныктайт, педагогикалык иш – аракет жана мугалимдер менен окуучулардын, мектептин коомчулугунун башка өкүлдөрүнүн ортосундагы мамилелерди жөнгө салат.

1.2. Кесиптик этиканын жоболору төмөнкүлөргө багытталган:

- мугалимдин адамдык баалуулугун жана кадыр – баркын коргоо;
- мугалимдердин кесиптик ишинин сапатын жана өз кесибинин ар – намысын колдоо;
- ишенимге, жоопкерчиликке жана адилеттүүлүккө негизделген билим берүү мекемесинин маданиятын түзүүгө;
- мугалимдер жамааты тарабынан эмгек натыйжалуулугун жогорулатуу милдеттери;
- окуучунун инсандыгын урматтоо жана өз пикирин жана ишенимин билдирүү укугу.

1.3. Педагогикалык этиканын ченемдери жана эрежелери салттуу негизде орнотулган адеп – ахлак ченемдери, Конституциялык жоболор жана КР мыйзам актыларында аныкталган.

1.4. Жобо окуучулардын, мугалимдердин жана мектеп кызматкерлеринин биргелешкен жашоосунун негизиги принциптерин аныктайт, алар бири - бирине жана башкаларга сылык, камкор мамилени, кызматташтыктын аспектилерин жана мектептин иштеши үчүн жоопкерчиликти камтышы керек.

1.5. Мугалимдердин кесиптик этика кодексинин нормаларын мугалимдер жана окуучулар менен иштеген бардык мектеп кызматкерлери жетекчиликке алышат.

1.6. Кодекс мугалимдин мектептеги бүткүл окуу процессинде, ошондой эле мектептеги иш – чараларда карманган социалдык нормаларын (жүрүм – турум эрежелерин) жөнгө салат.

## 2. Педагогдун кесиптик этикасынын максаттары жана милдеттери

2.1. Жобонун максаты – жүрүм – турумдун биридиктүү эрежелерин киргизүү. Педагогдорду өз жүрүм – турумун башкарууга умтулууга үндөйт, тартипти жана бири – бирин сыйлоого тарбиялайт, дени сак жана коопсуз мектепке чөйрөнү камсыздайт.

2.2. Этикалык ченемдердин милдеттери:

- жалпы кабыл алынган адеп – ахлак ченемдерине негизделген мамилелерди түзүү;
- билим берүү процессинде мугалимдин моралдык жоопкерчилигин сактоо жана окуучуларды жогорку инсандык сапаттарга тарбиялоо;

Сканировано с CamScanner

- педагогикалык кесиптик этика принциптеринин кызматкерлер тарабынан сакталышын көзөмөлдөө.

### 3. Педагогикалык этиканын булактары жана принциптери

3.1. Педагогикалык этиканын негизги принциптери:

- гумандуулук;
- калыстык жана чынчылдык;
- кесипкөйлүк жана өзүн – өзү өнүктүрүү;
- өз милдеттерин аткарууда жоопкерчилик;
- өз ара урматтоо;
- мыйзамдуулук;
- окуучулардын укуктарын жана эркиндиктерин, улуттук жана маданий салттарды урматтоо;
- жалпы адамзаттык баалуулуктарды адеп – ахлак принциптерин жана адеп – ахлакты сактоо;
- окуучуларды мекенди сүйүү, элдердин достугу рухунда тарбиялоо;
- сабырдуулук;
- демократия;
- өнөктөштүк жана тилектештик.

3.2. Педагогикалык кадрлардын кесипкөйлүүлүгүн маанилүү көрсөткүчү алардын компетенттүүлүгү, түшүнүктүү жана так жеткире билүү жөндөмдүүлүгү, сүйлөө маданияты, сабаттуулугу, кыскача сүйлөө жөндөмдүүлүгү болуп саналат.

### 4. Педагогикалык жамааттын укуктары жана чектөөлөрү

**4.1. Педагогикалык кызматкер төмөнкүлөргө укуктуу:**

* Мугалим дайым жаңылануугa муктаж. Ал өзүнүн билим алуусу, квалификациясын жогорулатуу жана иштин жаңы эффективдүү усулдарын өздөштүрүү менен алек.

* Мугалимдин профессионалдык этикасы кесипкөлүктү, өз ишине берилгендикти, өз милдетин аткарууда жоопкерчиликти сезүүнү талап кылат.

* Мугалим өзүнө жүктөлгөн педагогикалык иштин – жаш муундарды тарбиялоонун сапаты жана натыйжасы үчүн жооп берет.

* Мугалим алардын карамагында калган балдардын физикалык, интеллектуалдык, эмоционалдык жана рухий жактан өнүгүшү үчүн жоопкерчилик тартат.

* Мугалим администрация тарабынан жүктөлгөн функциялар жана ишенип берилген ресурстар үчүн жооп берет.

**4.2. Мугалимдин аброю, ар – намысы**

* Мугалим өзүнүн жүрүм – туруму менен мугалимдин тарыхый калыптанган кесиптик намысын колдоп, коргойт.

* Мугалим улуттук жана жалпы адамзаттык маданий баалуулуктарды жаш муунга өткөрүп берет, маданиятты өнүктүрүү процессинде активдүү катышат.

Сканировано с CamScanner

* Мугалимдин беделги компетенттүүлүккө, калыстыкка, сылыктыкка, окуучуларына кам көрө билүүсүнө негизделет.

* Мугалим жеке жашоого укуктуу, бирок ал тандап алган жашоо образы кесиптин кадыр – баркына доо кетирбеши, мугалимдин окуучулар жана кесиптештери менен болгон мамилесин өзгөртпөшү, кесиптик милдеттерин аткарууга тоскоолдук кылбашы керек.

* Мугалим өзүнүн кадыр – баркын баалайт.

## 5. Мугалимдин башка адамдар менен болгон мамилеси

5.1. Мугалимдин окуучу менен болгон мамилеси окуучунун укуктарын жана эркиндиктерин өз ара сыйлоо жана урматтоо принциптерине негизделет.

5.2. Мугалим өзүнө талапты коюш керек. Мугалим эч качан өзүн – өзү башакара билүү сезимин жоготпошу керек. Мугалимдин кесиптик этикасынын өзөгү – өзүн өзү өнүктүрүүнүн негизи болуп саналат.

5.3. Окуучулардын жетишкендиктерин баалоодо объективдүүлүккө жана калыстыкка умтулат.

5.4. Окуучулардын диниий ишенимдерине толеранттуу жана купуялуулукту сактайт ошондой эле окуучуларга эч кандай өз көз карашын таңуулоого укугу жок.

5.5. Бардык окуучуларга бирдей, боорукер жана жагымдуу мамиле кылуусу шарт.

## 6. Педагогикалык кызматкердин кесиптештери менен мамилелери

6.1. Педагогикалык кызматкер өзүнүн мамилесин кесиптештери жана башка мектеп кызматкерлери менен өз ара урматтоо жана коллегиалдуулук принциптеринин негизинде түзөт

6.2. Педагогикалык кызматкер коллегиалдуулук атмосфераны сактоого, кесиптештеринин жана башка мектеп кызматкерлеринин кесиптик ой – пикирине жана ишенимине урматоону көрсөтөт.

6.3. Жаш мугалимдерге кеңеш жана усулдук жардам берүү, насаатчылык мектебин жөнгө салуу.

6.4. Педагогикалык кызматкер төмөнкүлөрдөн алыс болуу:

* башка окутуучулар курамынын иши жөнүндө жаман сөздөрдү айтуудан;

* кесиптешетри менен, ата – энелери менен дага алардын жеке жашоосун талкуулоодон;

* чыр – чатактуу мамиледен.

## 7. Педагог жана мектеп администрациясы

7.1. Мугалимдин мектеп администрациясы менен болгон маилеси коллегиалдуулуктүн, кесипкөйлүктүн, жоопкерчиликтин принциптерине, алардын милдеттери, теңдиги жана мыйзамдуулугуна негизделген.

7.2. Администрация:

* педагогикалык жамаатын пикирине, ар кандай саясий, диний көз караштарга, башака ишенимдерине сабырдуулук менен мамиле кылат;

* мектеп кызматкерлеринен өзүнүн жеке жашоосу жөнүндө маалыматты талап талап кылууга же чогултууга укугу жок;

Сканировано с CamScanner

7.3. Администрация мугалимди мектептин ишмердүүлүктөрүнө байланыштуу кайрылуулары жана сын пикирлери үчүн жоопко тартууга укугу жок. Бирок мында:

* сын пикир ачык болушу керек, КР мыйзамдары жана укуктук актыларынын негизинде белгиленген тартипте чагылдырылышы керек;

* сын пикир, сынга алынган адамдын кадыр – баркын кемсинтпеши керек;

* сын пикир ачык болуп, мектептин башкаруу органдары менен биридикте коллектив ичинде, профсоюздун чогулушунда талкууланышы керек.

## 8. Ушул Жобону бузгандыгы үчүн жоопкерчилик

8.1. Педагогикалык кызматкер Эрежелердиин нормаларын бузгандыгы үчүн КР мыйзамдарына ылайык жооп берет.

8.2. Жобонун талаптарын бузуу мугалимдин өз милдеттерин аткарбоосу же талаптагыдай аткарбоосу деп эсептелинет.

## 9. Корутунду Жобо

9.1. Бул Жобо бекитилген учурдан тартып күчүнө кирет.

9.2. Жобого өзгөртүүлөр жана толуктоолор мыйзамда белгилен тартипте метептин эмгек жамааты тарабынан профсоюздук чогулушта каралат.

Сканировано с CamScanner